Осмонова Ж.
К. Тыныстанов ат. ЫМУ

ЛЕКСИКОГРАФИЯ ЖАНА АНЫН ЛИНГВИСТИКАЛЫК ИЛИМДЕРДИН АРАСЫНАН АЛГАН ОРДУ

Лексикографиянын теориялык жана практикалык мааниси, сөздүктүн түр-лөрү (түшүнүктөр сөздүгү жана лекси-кондор) боюнча кыскача маалымат берилди. Мында негизинен фразеоло-гиялык сөздүккө көңүл бурулуп, аталган сөздүктүн негизги принциптери, сөздүккө камтылган фразеологизм-дердин синонимдери, варианттары, көп маанилүүлүгү, фразеологизмдердин ми-салында түшүндүрүлүш ыкмалары берилди.

Аталган сөздүк түшүндүрмө сөз-дүктүн тибине жата турган филоло-гиялык справочник болгондуктан, мунун негизги милдети сөздүккө камтылган фразеологизмдердин мани-син лексикографиялык планда талдап түшүндүрүү жана келтирилген мисал-дар ушул максатка ылайык келүүгө тийиш экендиги белгиленди.

Лингвистикалык илимдердин ичи-нен лексикографиянын өзүнө таан-дык болгон орду жана милдеттери бар.

Лексикография бир жагынан, сөздүктөр жана аларды түзүү жөнүндөгү илим болсо, экинчи жагынан, ал сөздүктөрдү түзүү практикасынын өзү.

Лексикографиянын лингвистика үчүн гана эмес, башка илимдер үчүн да зор мааниси бар, анткени, илим тез жана кеңири өнүккөн азыркы доордо сөздүксүз турмуштун бир дагы чөйрөсүн элестетиш мүмкүн эмес. Илим менен техниканын кайсы гана тармагын албайлы, алардагы терминологиялык сөздүктөрдүн түзүлүшү дагы лексикографиянын негизги принциптерине таянат. Дегеле, өзүн кандайдыр бир деңгээлде маданияттуу, билимдүү деп эсептеген адам өз турмушунда сөздүктөргө кайрылбай кое албайт.

Лексикография лингвистикалык эң негизги илим болгондуктан, тил илиминин тармактары менен, өзгөчө лексикология менен тыгыз байла-нышкан. Сөз менен иришкен соң, лексикография өз ишинде лексико-логиянын жетишкендиктеринен пайдаланат. Сөздүк түзгөн адистер, сөздөрдүн «турмушун», алардын маанилеринин, сөздөрдүн адамдын күндөлүк кебиндеги өкүм сүрүшүн иликтеп, алардын жазылыштарын, айтылыштарын тактап, лексиколо-гияны жаңы байкоолор жана ачылыштар менен байытып турат.

Демек, лексикографияга белгилүү универсалдык касиет мүнөздүү десек жаңылышпайбыз.

Лексикография менен лексико-графтардын эмне кылып, эмне боюнча иштегендигин толук жана туура түшүнүш үчүн сөздүктөрдүн түрлөрүнө кайрылуу зарыл.

Бардык сөздүктөрдү түшүнүктөр сөздүктөрү жана лексикондор деп эки топко бөлүүгө болот.

Түшүнүктөр сөздүгүндө мисалы, философиялык сөздүктө сөздөрдүн өздөрүнүн мааниси каралбастан, алар белгиленген түшүнүктөргө жана нерселерге (буюмдарга, Адам-дарга, окуяларга ж. б.) байла-ныштуу маалыматтар, ар түрдүү көзкараштар берилет. Түшүнүктөр сөздүктөрүнүн катарына энциклопе-диялар да кирет.

Бирок түшүнүктөр сөздүктөрү лексикографиянын түздөн-түз объек-тиси болбойт, себеби лексикография көбүнчө лексикондор менен иштейт.

Тилдик *лексикондо* окурман сөз-дөрдүн артында турган түшүнүктөр же нерселер жөнүндө билим албай, сөздөрдүн өздөрүнүн чечмеленишин (түшүндүрмөсүн) таба алат. Андан тигил же бул сөздүн ар кандай маанилери, грамматикалык форма-лары, басымы, айтылыш өзгөчөлүк-төрү, колдонулушу ж. б. жөнүндө маалымат ала алат. Лингвистикалык сөздүктөр (лексикондор) бир

тилдүү же эки тилдүү (котормолуу) болушу мүмкүн. Бир тилдүү сөздүктөрдө бир тилдеги сөздөр жөнүндө маалымат берилсе, эки тилдүү сөздүктөрдө бир тилдеги сөздөр башка (экинчи бир) тилге котору-луп, алардын эквиваленттери келтирилет.

Бир тилдүү сөздүктөр дайында-лышы, мазмуну жана сөздүк мака-лаларынын түзүлүшү боюнча түшүн-дүрмө жана тарыхый, толук жана кыскача, жалпы жана жеке (диф-ференциалдык), адабий жана диа-лектилик, фразеологиялык жана терминологиялык, орфоэпиялык жана орфографиялык ж.б. сөздүк болуп ич ара бөлүнүшөт.

Биз бул макалада негизинен кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүктөрү боюнча сөз кылмакчыбыз.

Жалпы эле фразеологиялык сөз-дүктөрдүн милдетин жана түзүлүш принциптерин ачык элестетиш үчүн тилдеги фразеологиялык айкалыш-тар (фразеологизмдер) деген эмне, алардын жеке сөздөр жана эркин сөз айкалыштары менен кандай жалпылыгы, кандай айырмасы бар экендигин лексикологиялык планда талдап, кыскача түшүндүрө кетүүгө туура келет. Ансыз фразеологиялык сөздүктүн чыныгы объектиси, баш-кача айтканда, сөздүктүн тилдик кандай фактылардын негизинде түзүлгөндүгү да даанараак байкал-бай калышы да мүмкүн.

Фразеологизмдер тилде жеке колдонулуучу айрым сөздөр сыяк-туу эле негизинен белгилүү бир түшүнүктү билдирүү, белгилөө мил-детин аткарат. Демек, мындай функциясы боюнча фразеологизмдер тилдеги жеке сөздөр менен окшошуп кетет. Сөздүккө камтылган ар бир фразеологизмдин маанисин ачып түшүндүргөн учурда да алардын жеке сөздөргө маани жактан жакындашкан мындай жалпылыгы ачык көрүнүп турат. Маселен, *жең ичинен* деген фразеологиялык айкалыш маани жактан алганда *тымызын, жашыруун, байкатпай, билгизбей* деген айрым сөздөр менен, *кулак уккус, көз жеткис* деген фразеологизм *алыс, узак* деген сөздөр менен, ал эми *чычканга кебек алдырбаган* деген фразеологизм болсо *сак, этият* сыяктуу сөздөр менен жалпысынан бирдей эле мааниде колдонулат. Мындай учурда жеке сөздөр менен фра-зеологизмдер өз ара синонимдик катышка ээ болуп калат, анткени, бир эле түшүнүктүн өзү жеке сөз (сөздөр) менен да жана айрым бир фразеологиялык айкалыш менен да туюнтула берет. Сөздүктө мындай фразеологизмдердин маанисин тү-шүндүргөн кезде булардын жогоркудай синонимдери кеңири пайдаланылат, анткени ошол сөздөрдү колдонуу аркылуу бул фразеологизмдердин маанилерин ачып берүүгө мүмкүнчүлүк болот.

Белгилүү бир түшүнүктү туюнт-кан фразеологизмдер менен жеке сөздөрдүн жогоркудай жалпылыгы менен бирге, булардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар. Биринчиден, фразеологизмдер кандайдыр бир түшүнүктү жеке сөздөр сыяктуу түз, тике атабастан, аны образдуу түрдө туюнтуп, кыйыр баяндай турган номинативдик функцияга ээ. Маселен, *чырпык башын сындыр-байт* деген фразеологиялык айка-лышты ушундай эле маанидеги «эчтеме кыла албайт», «иштебейт», «бош эле жүрөт» деген сөздөр, сөз айкалыштары менен өз ара салыштырып көрсөк, бир эле түшүнүктү билдирген бул эки түрдүү тилдик каражаттардын кайсынысы көркөмдүк (экспрессив-дүү) касиетке ээ болуп, кайсынысы бул жагынан нейтралдуу абалда тургандыгы дапдаана байкалбай койбойт. Демек, фразеологизмдер ой – пикирди таамай, курч, жетки-ликтүү же анын көркөмдүк татымын күчтүү кылып берүүдө кеңири колдонулуучу эң бай тилдик каражаттардан болуп саналат. Экинчиден, фразеологизмдер бир нече сөздөрдөн куралган туруктуу сөз айкалыштары болгон үчүн, жеке сөздөргө караганда булардын структурасы алда канча татаал-дашып, жалпы формасы

боюнча алардан кыйла өзгөчөлөнүп турат.

Мына ушул кийинки белгиси аркылуу фразеологизмдер тилдеги эркин сөз айкалыштарына форма жагынан бир топ жакындашат. Анткени сөз айкалышынын бул эки түрүндө тең составдык элементтерди түзгөн сөздөр бирдей эле синтаксистик байланышта болуп, булар форма жагынан алганда бири-биринен өзгөчөлөнбөйт. Бирок, эркин сөз айкалыштары менен фразеологиялык айкалыштардын да өз ара принципиалдуу айырмасы бар. Ал айырмачылык булардын составдык элементтерин түзгөн айрым сөздөрдүн же жалпы эле фразеологиялык айкалыштардын ар биринин жекече маанисин лексика-семантикалык талдоого алганда ачык көрүнөт. Эркин сөз айкаш-тарынын составындагы сөздөрдүн ар бири өзүнүн түз маанисинде гана колдонулат. Мына ошол себептен улам алар фразеологизмдер сыяктуу эле жаңы лексикалык маани бер-бестен, ар бири өз – өзүнө таандык болгон негизги маанисин гана сактап кала берет.

Ал эми фразеологизмдердин составындагы сөздөр болсо жогор-кудай түз маанисинен ажырайт да, анын натыйжасында ошол туруктуу айкалышка жалпы таандык болгон башка бир маани келип чыгат. Башкача айтканда, фразеологизм-дер составындагы жеке сөздөрдүн семантикалык тобуна кирбеген жана ошол фразеологиялык айкалышты бүтүндөй камтыган өзүнчө мааниге ээ болуп турат. Мындай өзгөчөлүк фразеологизмдердин маани жактан болгон бирдиктүүлүгүн көрсөтөт, анткени, фразеологизмдердин маа-ниси составындагы жеке сөздөрдүн тигил же бул түрүнө семантикалык жактан көзкаранды эмес, ал маани ошол, айкалышка бириккен бир нече сөздөрдүн тобуна жалпы тиешелүү. Маселен, *кол көтөрүү* деген турук-туу сөз айкалышында «кол» жана «көтөр» деген эки сөздүн түз маанисинен алда канча өзгөчө-лөнгөн, бирок ошол айкалышка жалпы таандык болуп турган башка маани («уруу», «уруп жиберүү», «кол кайыруу» же «багынып берүү») бар. Эгерде биз *жүк көтөрүү, бала көтөрүү, кетмен көтөрүү, желек көтөрүү, кап көтөрүү, таш көтөрүү, суу көтөрүү* ж.б. сыяктуу эркин сөз айка-лыштарынын составындагы ар бир сөздү айрым-айрым талдап көрсөк, булар *кол көтөрүү* деген жогор-кудай фразеологизмдин бир бүтүн-дүк маанисине окшогон башка бир түшүнүктү билдирбестен, ар бири өзүнүн негизги маанисинде гана колдонулуп жатканын көрөбүз. Бул эркин сөз айкалыштарынын ар биринин мааниси составындагы жеке сөздөргө таандык болгон лекси-калык маанилердин гана жөнөкөй суммасын түзөт. Буларда андан өзгөчөлөнүп кеткен жаңы маани жок.

Албетте, «көтөр» деген этиш сөз жалаң гана *кол көтөрүү эмес, көөдөнүн көтөрүү, мурдун көтөрүү, бой көтөрүү, боорун жерден көтөрүү, баш көтөрүү, сиркеси суу көтөрбөө* сыяктуу фразеологиялык айкалыштарда да колдонулат. Бул фразеологизмдердин ар бирине таандык болгон жалпы маани составындагы жеке сөздөрдүн түз маанисине байланышпайт. Ошондук-тан булардын бардыгы тең фразеологиялык айкалыштарга жатат.

Фразеологизмдер оозеки речте да, ой – пикирдин жазуу аркылуу берилишинде да даяр тилдик бирдик (единица) катары колдонулат. Ошондуктан алардын составындагы сөздөр (фразеологизмдердин компо-ненттери) алган ордун өзгөртпөй, көбүнчө ошол калыбында жайгашат. Мисалы: *бетке чиркөө болуу, таманы тешилүү, оту күйүшпөө, мурдуна суу жетүү* деген фразеологизмдерди сөз жүрүп жаткан учурда гана грамматикалык жактан өз ара байланыштырып, түзө койгон сөз айкаштары деп эсептөөгө болбойт. Булардын составындагы сөздөрдүн алган ордун алмашты-рып, өзгөртүп жиберүүгө да мүмкүн эмес. Ырас, бир катар фразеоло-гизмдердин составындагы сөздөрдү алган орду боюнча өз ара которуштурууга кээде башка сөздөр менен алмаштырууга, айрым бөлүгүн

кыскартып же толук бойдон айта берүүгө болот. Бирок андан фразеологизмдер семантикалык жактан орчундуу өзгөрүүгө учурабайт жана бир бүтүндүк касиетин жоготпойт. Мисалы: *каны кызуу - кызуу кандуу, таш боор боору таш, жонунан кайыш алуу-жонунан кайыш тилүү, өпкө-жүрөгүн чабуу - өпкө жүрөгүн кагуу, төбө чачы тик туруу – чачы тик туруу, эки колун мурдуна катуу – колун мурдуна катуу* ж.б.

Ал эми *күжүрмөн эмгек, бийик үй, мыкты окуучу, адис мерген, шайыр адам, тынбай иштөө, талбай умтулуу* сыяктуу сөз айкалыштары фразеологизмдер сыяктуу негизги составын, ордун алмаштырып же башка сөздөрдү кошуп, кыскасы, каалагандай сөз айкалыштарын жасай берүүгө болот. Ошондуктан булар эркин сөз айкалыштары деп аталат. Маселен, *көйнөкчөн бала* деген *ак көйнөкчөн бала, көк көйнөкчөн бала, кара көйнөкчөн бала, көк көйнөкчөн сары бала, калың көйнөкчөн кара тору бала ж.б.* сыяктуу болуп, түрдүүчө өзгөртүлүп айтыла берет. Анткени айтылып жаткан ой эмнеге, кандай кырдаалга карата багытталганына жараша бир эле эркин сөз айкалышы түрдүүчө өзгөрүлүп, толукталып айтыла берүүгө тийиш. Ошого жараша эркин сөз айкалыштары катышкан сүйлөмдүн да мааниси ар кандай болуп өзгөрөт.

Фразеологизмдер эркин сөз айкалышынын үлгүсүндө гана эмес, сүйлөмдүн үлгүсүндө да болот: *колу ачык, кежигеси жок, жаасы катуу, каны суюк, жону жука* ж. б. Үстүртөн караганда, булардын түзү-лүш үлгүсү төмөнкүдөй сүйлөм-дөрдүн түзүлүш үлгүсүнө дал келет: *Көңүлү ачык. Кийими жука. Үйү жарык ж. б.*

Бирок сүйлөм менен сүйлөм тибиндеги фразеологизмдердин өз ара окшоштугу чыныгы окшоштук эмес, булардын өз ара прин-ципиалдуу айырмасы бар. Анткени жогоруда келтирилген сүйлөмдөрдүн составындагы айрым сөздөрдүн ар бири өзүнчө синтаксистик милдет аткарат. Алардын кайсынысы ошол сүйлөмдүн кандай мүчөсү болуп колдонулуп жаткандыгынан даана эле байкалып турат. Ал эми сүйлөм тибиндеги фразеологизмдердин ар бир компонентинин синтаксистик милдети жөнүндө кеп кылуу жөн гана формалдуулукка жатып калар эле. Анткен себеби, фразеологизм-дердин бардык компоненттери сүйлөмдүн составындагы жеке сөздөр сыяктуу айрым-айрым бөлүнүп кетпестен, өз ара шире-лишкен бир бүтүндүктү түзүп, маани жактан да бирдиктүү болуп колдонулган үчүн, алардын ар бирине кандайдыр бир синтаксистик милдетти жүктөп, сүйлөмдүн тигил же бул мүчөсү катарында эсеп кылууга мүмкүн эмес.

Жогорудагы өзгөчөлүктөргө ка-рап, фразеологиялык айкалыштарга (фразеологизмдерге) төмөнкүдөй аныктама берүүгө болот. Пикир алышууда даяр материал катары пайдаланылып, мааниси тутумун-дагы жеке сөздөрдүн семантикасы-нан алыстап, ширелишкен бир бүтүндүктү түзгөн, экспрессивдүү-эмоциялуу, образдуу касиетке ээ болгон туруктуу сөз айкалыштары фразеологизмдер деп аталат.

Фразеологизмдерди ар тараптан (теориялык жана практикалык жактан) иликтеп чыгуу маселеси советтик тилилиминде, анын ичинде бир катар түрк тилдери боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө да кеңири кулач жаюуда. Мунун натыйжасында ар түрдүү көлөмдөгү фразеологиялык сөздүктөр жарыкка чыкты жана мындай сөздүктөрдү түзүү, басып чыгаруу иши дагы улантылууда.

Ал эми кыргыз тилилиминде фразеологизмдер атайын изилдөөгө алынбаса да, негизинен эки тилдик (котормо) сөздүктөрдө жана кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүктөрүндө мүмкүн болушунча камтылып келди. Бул жагынан проф. К.К.Юдахин-дин эмгектерин өзгөчө белгилөөгө тийишпиз. Бул окумуш-туунун

1940 – жылы, 1965-жылы жарыкка чыккан «Кыргызча – орусча сөздү-гүндөгү» материалдар, анын ичинде фразеологизмдердин саны да мурдагы сөздүктөргө караганда болжол менен эки эсеге көбөйгөндүгү белгилүү. Ушул сөздүктөрдө фразеологизмдердин мааниси (эгер көп маанилүү болсо, алардын ар бири) тийиштүү мисалдар аркылуу түшүндүрүлүп, орус тилине түрдүү жолдор аркылуу которулуп берилген. Маселен, кыргыз тилиндеги фразеологизмдер мүмкүн болгон учурда мааниси өз ара дал келгенде жеке, айрым сөздөр аркылуу берилген: *жел колтук* - (о человеке) легкомыс-ленный, *колу ачык* - (о человеке) шедрый, *кежигеси жок* – непослуш-ный, неслух, *катуу баш* – скупой, *жаасы катуу* – требовательный, неподатливый ж. б.

Бир катар фразеологизмдер орус тилиндеги эквиваленттүү фразеоло-гизмдер аркылуу которулган: *ак төөнүн карды жарылды* (блага) посыпались, как из рога изобилия, *төөнүн куйругу жерге тийгенде* – когда рак свистнет.

1964–жылы жарыкка чыккан кыргыз тилинин бир томдон турган түшүндүрмө сөздүгүндө да фразео-логиялык айкалыштар жана алардын маанилери ромб (◊) кийин белгилүү бир компоненттин макала-сында мүмкүн болушунча бир кыйла кеңири берилген. Бирок бул сөздүктө ромб белгисинен кийин жалаң гана фразеологиялык айка-лыштар эмес, татаал сөздөр да берилип отурган, анткени, сөздүктүн атайын иштелип чыккан принциби боюнча татаал сөздөр (таш бака, ат кулак ж.б.) да ушундайча жол менен жайгалыштырууга тийиш болучу.

Кыргыз тилиндеги фразеоло-гизмдерди теориялык жактан иликтөө маселесине алгачкылардан болуп Ж.Ш.Шүкүров киришкен. Ал 1956–жылы «Кыргыз тилиндеги фразеологиялык айкалыштар жө-нүндө» деген макаласын жарыялап, «фразеологиялык айка-лыштардын бардык маселелерин толук жана тереӊ чечүү үчүн эӊ зор изилдөө жүргүзүү керек. Бул алдыда турган зор жумуш», - деп баса белгиленген. Мына ошондон кийин фразеология маселесине кызыгуу бир кыйла жандан-дырылды, макалалар жарыяланып, монографиялык эмгек жарыкка чыкты.

Кыргыз тилинин лексикалык байлыктарынын көбүрөөк топтоло бериши жана лексикографиялык иштердин кеӊири кулач жайышы эне тилибиздин өзүнчө фразеоло-гиялык сөздүгүн түзүүгө белгилүү деӊгээлде шарт түздү. Анын үстүнө жогоруда аталган эки тилдик сөздүктөр жана кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүктөрү фразеоло-гизмдерди атайын лексикогра-фиялык планда иштеп чыгууну өз алдына максат кылып койбогондон кийин, фразеологиялык айкалыш-тар, алардын ар түрдүү вариант-тары, стилистикалык өзгөчөлүктөрү жана аларды сөздүктөрдө жайгаш-тыруу принциптери да башкачараак эле. Ошондуктан, каалаган фразео-логизмдерди ошол сөздүктөрдөн дароо таап ала коюу жагы бир топ татаалыраак болуп калгандыгы да талашсыз.

Жогорку кырдаалдар эске алы-нып, кыргыз тилилиминин тары-хында 1970–жылдан баштап атай-ын фразеологиялык сөздүктү түзүү иши колго алынды. Бул үчүн баарыдан мурда «фразеологизм» деген эмне экендигин жана фразеологиялык айкаштардын сөздөрдөн, ошондой эле эркин сөз айкалыштарынан айырмасын аныктоо талап кылынды. Мурда мындай сөздүктү түзүү боюнча тажрыйбасы болбогон коллектив үчүн бул милдетти аткаруу арзанга турган жок. Алар орус тилилиминдеги жана түрко-логиялык адабияттардагы теориялык маселелер менен кеӊири таанышып, аларды кыргыз тилинин факт-материалдары менен айкалыштыруу аракеттерин жасашып, 1980–жылы «Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү» деген чакан сөздүк көпчү-лүктүн кароосуна сунуш кылынды. Андан кийин жыйырма жылдай убакыт өтүп, ал сөздүк библиогра-фиялык сейрек басылмага айланды. Анын үстүнө бул аталган сөздүктө

фразеологизмдердин типтери толук камтылбай калган. Ошондон бери «Сөздүктүн» авторлору аны толук-тоо, жакшыртуу багытында тыным-сыз иштеп келишип, сөздүктүн жаңы варианты пайда болду (2001).

Сөздүккө камтылган фразеоло-гизмдердин ар бирин жеңил, оңой-олтоң таап алуу үчүн алардын белгилүү бир принципке ылайык жайгаштырылышы зарыл. Ансыз материалдар башаламан, чаржайыт болуп, каалаган фактыны тез таап алууга мүмкүн болбой, сөздүктүн колдонууга ыңгайлуулугу төмөндөйт.

Азыркы мезгилде фразеоло-гизмдер сөздүктөрдө төмөнкүдөй принциптердин негизинде жайгаш-тырылып жүрөт.

1. Фразеологизмдерди ар бир компонентине ылайык жайгаштыруу принциби.

Бул принцип боюнча фразеоло-гизмдер канча компоненттен турса, ошончо жерге жайгашат. Эгер ушундай принципти колдонсок, анда, маселен, *бал тилге салуу* деген фразеологизм *бал, тил, сал* деген үч сөздүн алфавиттик тартибине карата үч жерге жайгашууга тийиш. Бирок түшүн-дүрмө бир гана жерге берилип, калгандары ошого шилтенет. Мын-дай принцип сөздүктүн структу-ралык түзүлүшүн бир кыйла татаалдаштырат.

2. Компоненттердин бирөөнү маани жактан негизги өзөк (доминант) катары эсептеп, фра-зеологизмдерди ошого ылайык жайгаштыруу принциби. Мындай принцип фразеологизмдердин сөздү-гүн түзүү ылайыксыз, анткени фразеологизмдердин составындагы кайсы сөз маани жактан көбүрөөк роль ойнорун бардык учурда эле так ажыратууга мүмкүн эмес. Соста-вындагы кайсы сөздүн мааниси басымдуулук кылып жана ошол фразеологизмдердин жаралышына негиз болуп жаткандыгы *кызыл камчы, жоон камчы* сыяктуу фразеологизмдерде байкалышы мүмкүн. Бул жерде *камчы* деген сөз маани жактан негизги ролду ойнойт деп айтууга болот. Бирок *бите карын, жайдак төш, чекеге чыккан чыйкан, жер каймактаганда, кулак – мурдун кескендей, ит арка, колтугуна суу бүркүү* сыяктуу фразеологизмдердин кайсы сөзү маани жактан негизги ролду ойнорун кесе айтууга болбойт, анткени булардын ар бир компоненти өз алдынча тургандагы тике маанисин алда канча күңүрттөтүп, бири-бири менен өз ара бекем ширелишип кеткен. Ошондуктан мындай принцип фразеоло-гизмдердин ширелишкен бир бүтүндүгүн жокко чыгарып, жөн гана жасалма түрдөгү талдоо жүргүзүүгө алып келет.

3. Фразеологизмдерди алфавит тартибине ылайык жайгаштыруу принциби. Алфавит тартибине салып жайгаштыруу принциби ар бир фразеологиялык айкалыштын соста-вындагы сөздүн орун тартибине, тактап айтканда, андагы (биринчи компонентинен баштап, акыркы компонентине чейинки) ар бир тамганын катарына негизделген принцип болуп саналат.

Фразеологизмдерди алфавит тар-тибине салып жайгаштыруунун оң жагы да, терс жагы да бар. Анын оң жагы – каалаган фразеоло-гизмдерди тез таап алууга мүмкүн-чүлүк бергендигинде. Ал эми терс жагы болсо – фразеологизмдердин варианттарынын бирде түшүп айтылуучу компоненти бар фра-зеологизмдерди ар башка жерге жайгаштырууга, аларды ар башка фразеологизмдер катары эсептөөгө жол бергендигинде жана фразеоло-гизмдерди өз ара топторго бөлүш-түрүүдө системалуу мүнөзүн анык-тоого мүмкүнчүлүк бербегендигинде.

Кыргыз тилинин фразеология-лык сөздүктөрүндө негизги принцип катары алфавиттештирүү принциби колдонулду. Бирок айрым учурда уялаштыруу принциби да пайда-ланылып, ушул принцип аркылуу фразеологизмдердин варианттарын, алардын системалуу мүнөзүн белгилөөгө мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Аталган сөздүктөр түшүндүрмө сөздүктөрдүн тибине жата турган

филологиялык справочник болгон-дуктан, мунун негизги милдети сөздүккө камтылган бардык фразеологизмдердин маанисин лек-сикографиялык планда талдап түшүндүрүү болуп саналат. Демек, ар бир фразеологизмге берилген түшүндүрмө жана келтирилген мисалдар ушул максатка ылайык келүүгө тийиш.

Фразеологизмдердин мааниси эркин сөз айкалыштарын же айрым сөздөрдү колдонуп сыпаттоо, мүмкүн болгон учурларда ошол фразеологизмдин синонимдерин келтирүү аркылуу түшүндүрүлгөн. Сөздүктү түзүүдө мындай ыкма-лардын өз ара айкалыштырып колдонулгандыгы төмөнкүдөй ми-салдардан ачык көрүнөт.

Териси тар. Сөз көтөрүмү жок, бир нерсеге бат тырчыган, ачуусу чукул.

Кой терисин жамынган. Өзүнүн чыныгы жүзүн, ким экендигин жаап - жашырган, тымызын душмандык кылган.

Фразеологизмдердин вариант-тарынын ар бирин өзүнчө түшүндүрүп отурбастан, биреөнө гана түшүндүрмө берилип, калгандарын ошол түшүндүрмө берилген формасына карай шилтеп коюуга туура келет.

Фразеологизмдер бир маанилүү же көп маанилүү болушу мүмкүн. Эгерде фразеологизмдердин бир нече мааниси болсо, анын ар бири өзүнчө түшүндүрүлөт.

Албетте, аталган фразеологиялык сөздүктөрдүн жетишпеген мүчү-лүштүк жактары да болушу мүмкүн. Бирди-жарым теориялык жана практикалык эмгектер менен эле фразеология маселеси чечилди деген ойдон алыспыз. Мезгилдин тала-бына ылайык жаңыча иштеле турган көп маселелер бар.

Ал – келечектин иши.

Кыргыз тилилиминде фразео-логия багыты толук бойдон изилдөө объектиси боло электиги чындык деп айтууга да негиз бар.

Адабияттар

1. Бабкин А.М. Лексикографии-ческая разработка русской фразео-логии. –М.-Л., 1964.
2. Осмонова Ж. Кыргыз тилиндеги идиомалар. -Фрунзе, 1972.
3. Шанский Н.М. Фразеология современного русского языка. -М., 1985.
4. Кыргыз тилинин фразеоло-гиялык сөздүктөрү. – Ф. -1980, 2001.
5. Юдахин К.К. Кыргызча–орусча сөздүк. -Ф., 1965.